**ФИЛОЛОГИЯ PHILOLOGY**

УДК 894, 341

**Акылбекова Алтынай Акылбековна**
*И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу,*
*И.Арабаев атындагы КМУнун аспиранты*

## ПОРТРЕТТИК СҮРӨТТӨӨЛӨРДӨГҮ МЕЗГИЛ КОНЦЕПТИ
## (Совет мезгили)

**Акылбекова Алтынай Акылбековна**
*Преподаватель кафедры кыргызского языка,*
*Кыргызская Государственная*
*Медицинская Академия им. И.К. Ахунбаева*
*аспирант Государственного университета имени И. Арабаева*

## КОНЦЕПЦИЯ ВРЕМЕНИ В ПОРТРЕТНЫХ ОПИСАНИЙ
## (Советское время)

**Akylbekova Altynay Akylbekovna**
*Teacher of the Kyrgyz language department,*
*Kyrgyz State*
*Medical Academy named after. I.K. Akhunbaeva*
*postgraduate student of the State University named after I. Arabaev*

## THE CONCEPT OF TIME IN PORTRAIT DESCRIPTIONS
(Soviet era)

**Аннотация.** Адамзат турмушун курчап турган дүйнө менен мезгил-мейкиндик жактан тыгыз байланышта. Анткени, күндүн чыгышы менен батышы, жыл мезгилдеринин (жай, жаз, күз, кыш) алмашып турушу адамдын эркине баш ийбеген кубулуш. Адамдын аң-сезими мезгил-мейкиндик алкагына баш ийип, андагы процесстерге көз каранды экенин баамдасак болот. Ошондуктан, адам аң-сезими жараткан көркөм сөз дөөлөттөрүнө да мезгил жана мейкиндик алкагы чагылып туруусу обьективдүү көрүнүш. Ал эми, адабияттагы мезгилдин орду өтө терең жана обьективдүү мүнөзгө ээ. Айрыкча, акындар поэзиясындагы портреттик сүрөттөөлөр мезгил духунун чагылдырып, акындардын стилдик бөтөнчөлүктөрүн аныктап турган. Макалада совет мезгилинде жашап, жаңы келген доорду чагылдырган төкмө акындардын портреттик сүрөттөөлөрүнө талдоо жүргүзүлүп, анализ берилген.
**Негизги сөздөр:** акындар, айтыш, доор, камкордук, үгүт, эмгек.

**Аннотация.** Жизнь человека тесно связана с окружающим миром и временем. Ведь восход и заход солнца, смена времен года (лето, весна, осень, зима) — явления, неподвластные человеческой воле. Если мы осознаем, что сознание человека подчиняется пространственно-временным рамкам, оно связано с происходящими в нем процессами. Поэтому объективным явлением является то, что временные и пространственные рамки отражаются в художественных выражениях, созданных человеческим сознанием. С другой стороны, место времени в литературе имеет очень глубокий и объективный характер. В частности, портретные образы в поэзии поэтов отражали дух времени и определяли стилистические особенности поэтов. В статье анализируются портретные описание в айтышах поэтов, живших в советский период и отражавших новую эпоху.
**Ключевые слова:** поэты, айтыш, эпоха, забота, пропаганда, труд.

**Abstract.** Human life is closely connected with the surrounding world and time. After all, the sunrise and sunset, the change of seasons (summer, spring, autumn, winter) are phenomena beyond the control of human will. If we realize that human consciousness is subject to a space-time frame-

work, it is connected with the processes occurring in it. Therefore, it is an objective phenomenon that time and space frameworks are reflected in artistic expressions created by human consciousness. On the other hand, the place of time in literature has a very deep and objective character. In particular, portrait images in the poetry of poets reflected the spirit of the times and determined the stylistic characteristics of the poets. The article analyzes portrait descriptions in Aitysh of poets who lived during the Soviet period and reflected the new era.

**Key words**: poets, aitysh, era, care, propaganda, work.

Көркөм сөз дүйнөсүндө мезгил-мейкиндик категориясы ар бир доордо болуп жаткан тарыхый процесстер, социалдык-экономикалык жана илим менен техниканын өнүгүү кыймылы менен катар каралып келди. «Адабиятта мезгилдин орду өтө эле көп түрдүү жана терең: чыгармада колдонулган тил каражаттарынан тартып жазуучунун философиялык көз караштарына чейин өтмө катар мезгил менен байланыштуу, – деп белгилейт И. Жумабаев. – Ушундан эле көркөм чыгармалардын жанры, сюжети, образдары, композициясы, кала берсе стили да мезгил менен өтө тыгыз байланыштуу деп чыгарууга болот» [1]. Адабиятчы И. Жумабаев белгилегендей мезгил концепти көркөм сөз чеберлери тарабынан стилдик өзгөчөлүгүнө жараша ар кайсы доордо ар түрдүү чагылдырып келгенин белгилеп олтурат. Кала берсе, көркөм чыгармалардагы көтөрүлгөн проблемалар, философиялык көз караштар мезгил алкагында каралып, стилдик өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп турат.

Окумуштуу Ю.М Лотман мындай көз карашты карманат: «Одновременно во всем пространстве семиозиса – от социальных, возрастных и прочих жаргонов до моды – также происходит постоянное обновление кодов. Таким образом, любой отдельный язык оказывается погруженным в неко-торое семиотическое пространство, и только в силу взаимодействия с этим пространством он способен функ-ционировать. Неразложимым рабо-тающим механизмом – единицей семио-зиса – следует считать не отдельный язык, а все присущее данной культуре семиотическое пространство [2].

Тактап айтканда, Ю.М Лотмандын пикиринде доордун мезгил-мейкиндик алкагын сөз өзүнө сиңирип, аны көтөрүп жүргөн элдин аң-сезимине кескин түрдө таасир берет. Чыгармачыл инсандын негизги куралы сөз болгондуктан, коомдо болуп жаткан ар бир кыймыл сүрөткердин аң-сезиминен өтүп, ырла-рында, көркөм сөз дөөлөттөрүндө чагылып жүрүп олтурат деген кеп.

Деги эле улуттук адабияттын пайда болуу өсүп-өнүгүү процессинде тышкы жана ички факторлордун натыйжасында элдик оозеки адабияттан V-VIII кы-лымдардагы жазма поэтикалык эсте-ликтер, андан кийин орто кылымдагы адабий мурастар, андан бери акындык поэзиянын классикалык доору, жазгыч акындардан тарта профессионал жазма адабият менен маданиятка чейинки узак тарыхты камтып турганын Али Турдугулов белгилейт [3].

Ошондуктан, акындар поэзиясындагы портреттик сүрөттөөлөр мезгил-мейкиндик алкагында каралып, баа берилиши шарт. Кандай гана доор болбосун мезгилдин духу чыгармачыл адамдардын жараткан дөөлөттөрүндө баяндалып, күзгү сыяктуу чагылып турганы шексиз. Элдин басып өткөн тарыхый жолу жандуу кыймылын акындардын, манасчылардын, сынчылардын, ойчулдардын ойлорунун түпкүрүндө чагылып, жалпы журттун жан дүйнөсүн көрсөтүп турат.

Айтыш өнөрүнүн жаралышына фольклордук чыгармалар негиз болуп, «сармерден», «акыйнек» айтыштар бул өнөрдүн өзүнчө түрү катары калыптанган. Андан акындардын тобу пайда болуп, жанрдык өзгөчөлүгү, поэтикалык бөтөнчөлүктөрү жана өзүнө гана тийиштүү стилдик айырмачылыктары менен кыргыз маданиятында бир чоң топко жайгашканын белгилеген. Ошондон тарта акындар чыгармачылыгын адабият таануу илиминде өзүнчө бир салаа катары изилденип келе жатканын кошумчалаган. Демек фольклордук кыртышты эске албаганда акындар чыгармачылыгын мезгил-мейкиндик алкагын төмөнкүдөй жиктеп алуу негиздүү: 1. XIX кылымдын экинчи жа-рымы XX кылымдын башындагы мез-гилди кучагына алган "классикалык доордогу" портреттик сүрөттөлөр 2. Совет мезгилиндеги айтыштардагы портреттик сүрөттөлөр; 3. Постсоветтик мезгилдеги айтыштардагы портреттик сүрөттөлөр жана салттуулук.

20-кылымдын биринчи чейрегинде кыргыз элинин тарыхында чоң өзгөрүүлөр болуп, дүйнөлүк геополитикалык сая-

саттын алкагына кирет. Советтер союзунун курамына кирип, саясий системасы, социалдык-экономикалык кырдаалы, илим-билим жана маданият тармагында кескин өзгөрүүгө дуушар болуп, байыртадан пайдаланып келген баалуулук системасы өзгөрүүгө дуушар болот.

Мындай процесс айтыш өнөрүнө да таасирин тийгизгенин окумуштуу К. М. Көлбаева мындай белгилейт: «Совет мезгилинин алгачкы мезгилиндеги кыргыз театры менен филармониясынын түптөлүшү, кыргыз басмасынын жолго коюлушу өңдүү окуялар та-ланттуу ырчы, акындардын башын бириктирип, чыгармачылык чөйрөнүн калыптанышын шарттайт. Мындан сырткары кайсы акын кай жерге барып, эл кыдырып, аш той болобу, ар түрдүү элдик жыйындар болобу ырдап жүрө берүүчү чачкын мүнөзүндөгү талант тартуулоосу системага түшүп, элдик клубдарда, жыйындар өтүүчү залдарда, театрларда өтө турган болду. Мурда кайсы өрөөндө, кайсы тойдо же ашта айтылган айтыштар ошол жыйынга чогулган элдин назарына гана тартуулана турган болсо, телевидение, радио, газет-журналдардын коомго кызматтары уюштуралгандан тарта айтыштар таралуу аймагы боюнча өтө кеңейди» [4], – деп белгилейт. Чындыгында, Союз мезгилинде төкмө акындардын башын бириктирип, мамлекеттин камкордугуна алып, чыгармачылык жактан колдоо көрсөтүлө баштаган. Төкмө акындарга болгон мамлекеттик саясат көөнө максаты коммунистик идеологияны таратуу алдыңкы планга коюлуп келген. Ошондуктан, чыгармачыл инсандарга болгон талап, карапайын калың журтка жаңы заманды даңазалап, эмгекти даңктоо милдети жүктөлүп олтурат.

Айтыш өнөрүнүн Советтик мезгилдеги көрүнүктүү өкүлү Алымкул Үсөнбаевдин «Сулуулук» деп аталган ырында портреттик сүрөттөлөр мындай берилет:

«Сынга түшсө денеси,
Сырдуу эмес элеси.
Эл ичинде көгөртөр,
Эмгек болуп энеси.
Ак маңдайын тердеткен,
Ал сулуунун дал өзү» [5], – деген ыр саптарында көрүнүп тургандай эле Советтик коомдо аялзатынын сулуулугу маңдайынан тер кетип, эмгекке баш оту менен кирген аялзатын сулуу деп эсептеп калышкан. Кара каштуу, кара көздүү, илбериңки басып, назик сүйлөгөн кыз-келиндердин сулуу келбети эмгекти сүйгөн кадамдары, талыкпаган эмгекчилдиги менен алмаштырылып, сүрөттөлө баштаган. А. Үсөнбаевдин «Урматтуу биздин малчылар» деп аталган ырында аялзаты тууралуу минтип ырдайт:

«Сүйлөсө сөзү эң назик,
Сүлөөсүндөй керилген.
Сыпайы сылык мүнөзү,
Сырп этип жүрөк берилген.
Сыргадай малдын устаты –
Сулуулар чыкты элимден» [5;1]. Жогорку текстерде көрүнүп тургандай эле «сүйлөсө сөзү эң назик, сүлөөсүндөй керилген» сулуу бийкечтердин көркөмдүк деңгээли мал баккан устаттыгы менен бааланып олтурат. Ал эми, Токтонаалы Шабданбаев «Кетирдиң, тынчын жанымдын» деп аталган ырында аялзатынын портретин мындай тартат:

«Көркүңдү сүйөт жүрөгүм,
Көңүлүмдө настадым.
Келберсийсиң буралып,
Келгин куштай аппагым.
Устаты болдуң бу күндө
Урматтап багып пахтанын
Эмгегиң менен жүзүңдү,
Эмгекке кылган күчүңдү» [5;2],–деген ыр саптары менен берген.

Т. Шабданбаевдин ыр саптарында деле «келберсийсиң буралып, келгин куштай аппагым» деген сүрөттөлөрү «устаты болдуң бу күндө, урматтап багып пахтаны» деген маанилерге баш ийип, ал кызлын жүзүнүн сулуулугу эмгеги менен барабар каралып жатат. Болбосо, чырайы келишкен сулуу аялзаты эмгекчил болбосо, келбеттүү деген баадан кемип калгандай сүрөттөшкөн. Бирок, турмуш чындыгында сулуу, бирок жалкоо кыздар, же болбосо, өңү серт бирок, эмгекчил кыздарды кездештирип эле жүрөбүз.

Залкар акын Ы. Борончиевдин «Береке жердин бетинде» деп аталган ырында дыйкандар тууралуу көтөрүлгөн тондо ырдап жатканын баамдасак болот. Ал мындай берилет:

«Баба дыйкан үстүнө
Баалуу кийим кийдирип,
Үстүнө чапан жапканда
Үйүлгөн эл, көпчүлүк
Кол чабышып жатканда.

Сугатчы биздин баатыр деп
Эркелетет башкарма» [5;3],– деген ыр саптарында кең далылуу, жоон билек баатырдын образы баба дыйкандын образы менен алмашып жатат. Төкмө акындардын ырларындагы портреттик сүрөттөлөр советтик системанын идеологиялык багыттоосуна баш ийип, эмгекчи эл массасына үстүнө чапан жаап, баалуу кийим тартуулаган кырдаалды сүрөттөп олтурат.

Ы. Борончиевдин «Кыргызстан» деп аталган ырында ар кайсы областтан келген жаштарды портреттик сүрөттөлөрүн мисалга келтирет:

«Көгүчкөндөй кыз-келин
Көшүлүп басып катарда,
Айнектей жүзү жаркылдап
Ак жибек кийген сулуулар,
Алты область кыргыздын,
Ар жерден келген уулу бар» [5;4] ,– деп Советтик өлкөдөгү жай турмуш, өсүп-өнүгүп жаткан тынчтык замандын элесин көз алдыга тартат.

Советтик доордо төкмө акындарга болгон мамлекеттик камкордук идеологияны жар салып ырдаган ырчыларга айлантып алганын көрсөк болот. Академик О. Ибраимов бул процессти мындай белгилейт: «В течение столетий выработались своеобразные и весьма эффективные формы приобщения к поэзии, му-зыке; культ образного слова в быту, неизменно уважительное отношение к акынам и сказителям в народной среде сказались в том, что всегда держалась на высочайшем уровне изустная литература, которая, помимо собственно эстетических, художественных функций, успешно выполняла функции педагогики, распространяла те или иные об-щественно значимые идеи, определенные знания об окружающем мире, служила мощным фактором этногенеза народа, даже средством по-литической борьбы» [6]. Аялзатынын сулуулугун, эр жигиттин баатырлыгы, келечекке чоң үмүт арткан жаштардын портреттик сүрөттөлөрүн идеологиянын алкагынан каралып, мамлекеттик пропагандалоо саясат-тын таасири көрүнүп турат.

Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Токтогул Сатылганов, Өтө Көкө уулу, Барпы Алымкулов сыяктуу төкмө өнөрүнүн классикалык өкүлдөрү портреттик сүрөттөөлөрдү 19-кылымдагы кыргыз элинин тарыхый, социалдык-экономикалык оор жагдайын, трагедиялуу тагдыр-ларын баяндап келсе, ал эми К. Акиев, А. Үсөнбаев, Т. Шабданбаев, Ы. Борончиев, О. Бөлөбалаев сыяктуу ж.б. төкмө акындар Советтик доордогу элдин жашоо-шартын эмес, партиянын идеологиялык саясатына басым жасалганын көрсөтүп турат. Советтик мезгилдеги портреттик сүрөттөлөрдүн көркөм кызматы элди эмгекке үндөп, планды аткарган эр-азаматтарды «баатыр», талыкпай эмгектенген кызылчачы, пахтачы кыздарды келишимдүү портретин түзүп берген.

**Адабияттар:**

1.Жумабаев И. Алгачкы кыргыз прозасындагы көркөм мезгил жана мейкиндик. –Бишкек., 2020. 14-бет

2. Лотман Ю.М. Внутри мыслящих миров // Семиосфера. СПб., 2004. 14-б.,

3. Турдугулов Али Акындар поэзиясынын көркөмдүк табияты [Текст] кандидаттык диссер. автореферат. –Б. 2010. 35

4. Көлбаева М. К. Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика) –Бишкек., 2015. 139

5. Залкар акындар сериясы. 14-Том. –Бишкек., 2016. 115-б.

6.Осмонакун Ибраимов История Кыргызской литературы X X века. –Б. 2014. 104. Жалпы – 544